**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**

**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XXI сессиясы**

**ТОКТОМ № 1**

2026-жылдын 27-январы | Сопу-Коргон айылы

**Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөттөрүнүн 2024-жылдагы бюджетинин аткарылышы, 2025- жылдын маалыматы 2026-жылга бюджетин бекитүү жана 2027-2028-жылдарга жергиликтүү бюджеттин болжолдуу долбоорун бекитүү жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамынын 34-беренесине 2-пунктунун 2-бөлүмчөсүнө жана Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин бюджет, экономика жана салык боюнча туруктуу комиссиянын талкуусун угуп, 23.01.2026-жылдагы №2 протоколунун негизинде Үч-Дөбө-Алай айылдык кеңеши
**токтом кылат:**

**1**.Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн бюджетинин 2024-жылга киреше бөлүгү **61041,2** миң сомго анын ичинде өздүк киреше **(2646,3 миң сом атайын каражат)** менен биргеликте **26204,0** миң сомго ал эми тендештирүүчү трансферт **30599,8** миң сом, максаттуу трансферт **4237,4** миң сом, мурунку жылдан өткөн калдык **1815,8 миң сом (анын ичинен атайын каражат 12,7 миң сом)** жана чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы жыл ичиндеги өзгөртүүлөрдүэске алуу менен **53916,5 миң сомго** аткарылгандыгы белгиленсин.

**2**. Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн 2025-жылга киреше бөлүгү **58308,9** миң сомго анын ичинде өздүк киреше **(3612,1 мин сом )** менен биргеликте **18139,8** миң сомго ал эми теңдештирүүчү трансферт **31482,1** миң сом, максаттуу трансферт **4945,2** миң сом, мурунку жылдан өткөн калдык **3741,8 миң сом (анын ичинен атайын каражат 90,0 миң сом)** жана чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы жыл ичиндеги өзгөртүүлөрдү эске алуу менен **61627,7 миң сомго** аткарылгандыгы боюнча маалымат жактырылсын.

**3.** Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2026-жылга карата киреше жана чыгаша бөлүгү **56459,6** миң сомго бекитилсин, анын ичинде теңдештирүүчү трансферт **30841,6** миң сом, өздүк кирешелер **25618,0** миң сом, (анын ичинде атайын каражат - **2800,0** миң сом. Бир балага бир айлык тамак-аш үчүн ата-энелерден төгүлүүчү мүчөлүк акы 1,0 миң сомго) белгиленсин.

**4.** Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн 2027-жылга жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн долбоорунун планы **59677,6 миң сом**, анын ичинде

Республикалык бюджеттен берилүүчү теңдештирүүчү трансферт **30841,6** миң сом, өздүк кирешелер **28836,0** миң сом (анын ичинде атайын каражат 2800,0 миң сомго) бекитилсин.

**5.**Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин 2028-жылга карата болжолдуу планы **63195,6** миң сом анын ичинде теңдештирүүчү трансферт **30841,6** миң сом, өздүк кирешелер (2800,0 миң сом атайын каржат ичинде) **32354,0** миң сомго бекитилсин.

**6**.Жергиликтүү бюджетинен субсидия беренесине (ст 2511) 3500,0 миң сом акча каражаты каралып “Таза-Суу-Тазалык” муниципалдык ишканасын каржылоо үчүн жумшалсын. Ишканага 8 (сегиз) штаттык бирдик бекитилсин, эмгек акыларынын 50 (элүү) пайызы жергиликтүү бюджеттен 50 (элүү) пайызы өзүн өзү каржылоонун эсебинен жүргүзүлсүн. Бекитилип берилген акча каражатын сарамжалдуу жана мыйзам чегинде иштетүү муниципалдык ишкананын жетекчилигине жүктөлсүн.

**6.** Жергиликтүү жана республикалык бюджеттен берилүүчү акча каражаттарын чыгымдоону жыл ичинде өз максатында, сарамжалдуу пайдалануу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тиешелүү баардык кызматкерлеринен, баардык билим берүү жана маданият тармагынын мекемелеринин жетекчилеринен талап кылынсын, ошондой эле аны көзөмөлдөө социалдык- экономикалык өнүгүү бөлүмүнүн башчысы С. Карыбековго тапшырылсын.

**7**. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет, экономика жана салык боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Турганбаевке милдеттендирилсин.

**Төрага** **Н.Турсуналы уулу**

**сКЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АЛАЙ РАЙОНУ**

**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XXI сессиясы**

## ТОКТОМ № 2

2026-жылдын 27-январы — Сопу-Коргон айылы

**Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 1-январына карата жергиликтүү бюджетинин өздүк кирешесинен 197,9 миң сом жана атайын каражаттын 219,2 миң сом калган калдык акча каражатын 2026-жылдын бюджетине бекитип берүү жөнүндө**

Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 1-январына карата жергиликтүү бюджетинин өздүк кирешесинин 197,9 миң сом жана атайын каражаттын 219,2 миң сом калган калдык акча каражатын 2026-жылдын бюджетине иштетүү боюнча айылдык кенештин бюджет, экономика жана салык боюнча туруктуу комиссиясынын талкуусун угуп, жана айыл өкмөтүнүн башчысы М.Турганбаевдин билдирүүсүн талкуулап, Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 1-январына карата 2025-жылдан калдык болуп өткөн 417,1 миң сом, ( анын ичинен атайын каражаттар эсебинде 219,2 миң сом) калдык акча каражатын 2026-жылдын бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнө төмөндөгү бөлүмдөрдүн беренелерине кошумча киргизилсин.

| **бөлүм** | **бөлүмдүн аталышы** | **берененин аталышы** | **берене** | **сумма** |
|---|---|---|---|---|
| 70821 | Китепкана | Соц фондго чегерүүлөр | 2121 | 13,9 |
| 70821 | Китепкана | Машинелер жана жабдуулар | 3112 | 184,0 |
| 70911 | Балдар бакчасы | Тамак-аш алуу (атайын каражат) | 2218 | 219,2 |
| | **бардыгы** | | | **417,1** |

2.Айылдык кеңештин сессиясында талкууланган 2026-жылдын 1-январына карата 2025-жылдын калдык 417,1 миң сом, (анын ичинен атайын каражаттар эсебинде 219,2 миң сом) калдык акча каражатын 2026-жылдын бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн сметасына киргизип берүү жагы Алай райондук финансы башкармалыгынан суралсын.

3.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүнүн башчысы М.Турганбаевге, социалдык-экономикалык өнүгүү бөлүмүнүн башчысы С.Карыбековго тапшырылсын.

**Төрага** — **Н.Турсуналы уулу**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**

**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XXI сессиясы**

## ТОКТОМ № 3

2026-жылдын 27-январы Сопу-Коргон айылы

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын 2026-жылга түзүлгөн жайыт бюджетин бекитүү жөнүндө.**

Үч-Дөбө-Алай айыл аймагында 2026-жылга кабыл алынуучу жайыт бюджети боюнча айыл өкмөтүнүн "Таза-Суу-Тазалык муниципалдык ишканасынын жетекчиси Р.Атагелдиевдин маалыматын угуп, талкуулап Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Үч-Дөбө-Алай айыл аймагында 2026-жылга карата жайыт бюджети 713,7 миң сом болуп бекитилсин.

2. Үч-Дөбө-Алай айыл аймагында жайыт пайдалануу үчүн шарттуу малдын башына жайыт акынын төлөнүшү төмөндөгүдөй бекитилсин:

| № | Малдын түрү | Үч-Дөбө-Алай айыл өкмөтүндөгү малдын санына алынуучу төлөм (сом) | Башка айыл өкмөттөрдөн алынып келинген мал санына алынуучу төлөм (сом) | Башка райондордон алынып келинген мал санына алынуучу төлөм (сом) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жылкы, уй, топоз | 65 | 150 | 300 |
| 2 | Кой, эчки | 15 | 50 | 100 |
| 3 | Кулун, торпок | 65 | 80 | 100 |

3. Үч-Дөбө-Алай айыл аймагында 2025-жылга кабыл алынган жайыт бюджетин жүзөгө ашыруу максатында, айыл аймагында жайыт акылардын төлөнүшүн камсыз кылуу, жайыт эрежелерин сактоо, жайыт инфраструктурасын жакшыртуу жөнүндө каралган долбоорлорду ишке ашыруу, жайыт мыйзамдарынынын талаптарын аткарбаган жарандарга жана сырттан алынып келинип биздин айыл аймакты байырлаган мал ээлерине чара көрүү жагы айыл башчыларга милдеттендирилсин.

4.Бул токтомдун аткарылышыын камсыз кылуу жана көзөмөлдөөнү айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж.Турганбаевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **Н.Турсуналы уулу**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**

**АЛАЙ РАЙОНУ**
**ҮЧ-ДӨБӨ-АЛАЙ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**

**АЛАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**УЧ-ДОБО-АЛАЙСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XXI сессиясы**

## ТОКТОМ № 4

2026-жылдын 27-январы Сопу-Коргон айылы

**2025-жылдын башында бекитилген айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын аткарылышы жана социалдык-экономикалык өнүгүү программасын 2026-жылга, болжолдуу 2027-2028-жылдарга бекитүү жөнүндө**

Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы М.Ж. Турганбаевдин айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын башында бекитилген айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын аткарылышы жана социалдык-экономикалык өнүгүү программасын 2026-жылга, болжолдуу 2027-2028-жылдарга бекитүү жөнүндө билдирүүсүн угуп жана талкуулап, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесине ылайык Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1.Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы социалдык-экономикалык өнүгүүсү боюнча аткарылган иштер боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы М.Турганбаевдин маалымат отчету канааттандырарлык деп белгиленсин.

2. Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылга жана болжолдуу 2027-2028-жылдарга карата социалдык-экономикалык өнүгүү программасы бекитилсин.

3. Үч-Дөбө-Алай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылга жана болжолдуу 2027-2028-жылдарга карата социалдык-экономикалык өнүгүү программасында белгиленгендерди жүзөгө ашыруу максатында жергиликтүү бюджеттин киреше булагын толтуруу үчүн ата-мекендик, чет элдик инвестицияларды тартуу жана башка киреше булактарын табуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысына, жооптуу кызматкерлерге, мекеме ишканалардын жетекчилерине милдеттендирилсин.

4.Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жана көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы М.Турганбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Турсуналы уулу**